«Репрессия курмандыктары жана алардын Кыргызстандын тарыхындагы орду» аттуу илимий-практикалык конференциянын билдирүүсү (резолюциясы)

Азыркы мезгилде Ата Мекенибиздин тарыхын объективдүү чагылдыруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Ата Мекенибиз – Кыргызстандын тарыхы улуттук идеологиянын негизин түзөөрү далил болду. Кыргызстандын тарыхчы-окумуштуулары элибиздин эки миң жылдан ашуун мезгилди басып өткөн татаал жолун ар кандай баскычтарга бөлүп изилдеп жатышат. Кыргызстандын совет доорундагы тарыхын тереңдетип изилдөө тарыхчылардын маанилүү милдети болуп саналат. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында жүргүзүлгөн саясий реформаларды, алардын натыйжалары мурда социалисттик идеологиянын талаптарына ылайык изилденип, ошого ылайык натыйжалар чыгарылып келгени белгилүү.

Эгемендүүлүктүн шартында советтик доордун алгачкы жылдарында жүргүзүлгөн массалык репрессиянын себептерин, жазалоонун жүрүшүн жана натыйжаларын изилдөө, изилдөөнүн жыйынтыктарын илимий эмгектер аркылуу жарыялоо, окуу ктептеринде чагылдыруу, чындыкты элге жеткирүү маанилүү маселе катары бааланат.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы 2018-жылдын 21-июнунда «Репрессия курмандыктары жана алардын Кыргызстандын тарыхындагы орду» деген темада илимий-практикалык конференция өткөрдү. Конференцияга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн вице-премьер министри А.С.Өмүрбекова, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаты К.К.Иманалиев жана Кыргызстандын белгилүү окумуштуу тарыхчылары Ө.Ж.Осмонов, А.С.Ормушев, А.Ө.Жакишев, С.К.Алымкулова, А.Ж.Жуманалиев, Д.Б.Сапаралиев, Б.Ж.Абдырахманов ж.б. катышып, баяндамаларды жасашты.

Окумуштуулардын баяндамаларын угуп, талкуулоонун натыйжасында илимий-практикалык конференция төмөндөгүдөй билдирүү (резолюция) кабыл алды.

«Репрессия курмандыктары жана алардын Кыргызстандын тарыхындагы орду» аттуу илимий-практикалык конференциянын билдирүүсү (резолюциясы):

1. «Репрессия курмандыктары жана алардын Кыргызстандын тарыхындагы орду» деген темада илимий изилдөө иштери жүргүзүлсүн.
2. Репрессиянын курмандыктарын тактоо үчүн ушул күнгө чейин ачылбай келе жаткан тыюу салынган архивдик фондуну ачуу жагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн суралсын.
3. Күнөөсүз жазаланган адамдардын ысымы жазылган «Эстелик китебин» түзүү маселеси колго алынсын. Бул ишке коомдук активистер, окумуштуулар тартылсын.
4. Бишкек, Ош жана башка шаарларда репрессиянын курмандыгы болгондорго арналган скульптуралык комплекстерди куруу жагы өкмөттүк жана коомдук уюмдарга сунушталсын.
5. Массалык репрессиянын жүрүшү жана анын кесепеттери жөнүндө документалдуу, көркөм тасмаларды жаратуу маселеси Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинен суралсын.
6. Кыргызстандын окуу жайлары үчүн тарых, коомдук жана гуманитардык илимдер боюнча жазыла турган окуу китептерине массалык репрессиянын жүрүшү жана анын кесепеттерин объективдүү чагылдыруу жагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине сунушталсын.
7. Илимий-практикалык конференция өзүнүн алдына койгон максатына жетти деп эсептелсин.

Резолюция бир добуштан кабыл алынды.